*Токтомаметов А.Д.*
*п.и.к.*
*Кыргызская Академия Ообразования*

# МЫКТЫ ДЕГЕН КАНДАЙ МУГАЛИМ ЖЕ АЛДЫҢКЫ ТАЖРЫЙБА ТУУРАЛУУ

# КАКИМ ДОЛЖЕН БЫТЬ ЛУЧШИЙ УЧИТЕЛЬ ИЛИ О ПЕРЕДОВОМ ОПЫТЕ

**Аннотация:** *Макалада мыкты мугалим болуунун сырлары жана анын өзгөчөлүктөрү тууралуу сөз болот. Мугалимдер үчүн кызыктуу алдыңкы тажрыйбалардан мисалдар келтирилип, негизгини аныктоо принциби талкууланат. Бул багыттагы алдыңкы технологиялар талданат. Ошондой эле баланын кол жазмасын калыптандыруудагы негизги маселелер аныкталат.*

**Аннотация:** *В статье раскрываются тайны лучшего учителя и его особенности. Приводятся примеры из интересной, лучшей практики и обсуждается принцип определение главного. Анализируются передовые технологии в этом направлении. А также определяются основные вопросы формирования каллиграфии ребенка.*

**Annotation:** *The article reveals the secrets of the best teachers and its features. The examples of the interesting, best practices and discuss the definition of the main principle. It analyzes the advanced technology in this area. Is analyzes the advanced technology in this area.*

***Түйүндүү түшүнүктөр***: *алдыңкы технология, мыкты мугалим, сабак процесси, окутуу усулдары, негизгини аныктоо принциби, тамганын элесин баланын башына чагылдыруу, майда моториканы өнүктүрүү.*

***Ключевые слова***: *передовая технология, лучший учитель, урок, методы обучения, принцип определение главного, формирование образа букв в голове ребенка, развитие мелкой моторики.*

***Key words***: *advanced technology, the best teacher, lesson, teaching methods, principle Determination of the main, the formation of the image letters in the child's head, develop fine motor skills.*

### Блумдун таксономиясын билсең эле мыкты мугалим болуп каласыңбы?

Мугалимдер арасында өткөн түрдүү сынактарда айрым мугалимдер «мен тигил мугалимге караганда сабакты мыкты өтктүм, ага салыштырмалуу көп көрсөтмө курал же техникалык каражат колдондум, керек болсо Блумдун таксономиясын, Венндин диаграммасын, балдардын портфолиосун, математика сабагында «Манас» эпосунун материалдарын пайдаландым, мен жогору баа алышым керек эле» деп талашышат. Кээде калытар тобунун мүчөлөрү да ушундай көз карашты карманган учурлар болот. Албетте, бул айтылгандарды колдонуу сабактын сапатын арттырарында сөз жок. Бирок, эгерде сабакты көрсөтмө куралдын же техникалык каражаттын саны менен, же болбосо кандайдыр бир алдыңкы ыкманы үйрөнүп алып, колдонгону менен гана бааласак, анда мындай сабактарды роботтор деле «ийгиликтүү» өтүп калмак. Эмне, бул айтылгандарды жакшы билбегендер мыкты мугалим боло албайбы, натыйжада элет жеринде мыкты мугалимдер жокпу деген суроо өзүнөн өзү жаралат.

Чын эле кандай мугалимди мыкты мугалим десек болот?

Алгач бир-эки турмуштук мисалды келтирип, сөздү андан кийин улантсак.

Биринчи мисал элет мугалими Мундузкан Жигитованын тажрыйбасы тууралуу.

1990-жылдары Республикалык педагогикалык окууга Ош облусунун Өзгөн районуна караштуу Мырза-Аке айылындагы №20 В.И.Ленин орто мектебинин (ошол кезде мектептердин көбүнө В.И.Лениндин атын бере бергендиктен, кийин аларды номерлеп, бул мектепти Ленин 20 деп калышкан) мугалими Жигитова Мундузкан эжеке катышып калды. Педагогикалык окууда ар бир баяндамачыга 10 мүнөттөн убакыт берилгенине карабастан, Мундузкан Жигитованын убактысы кызуу кол чабуулар менен коштолуп, катышуучулардын суранычы менен улам узартылып турду. Ошентип, өз тажрыйбасын баяндаганга 3 жолу (30 мүнөт) мүмкүнчүлүк берилди.

Кийин ал кишинин иш тажрыйбасын үйрөнүп, жалпылоо үчүн иштеген мектебине барып, сабактарына катышууга, иши тууралуу көп-көп баарлашууга туура келди. Бир жолкусунда беш адам бардык. Мектепте танапис убагы экен.

- Сабактарыңызды көрсөк болобу? - деп сурады Нуржамал Ибраева (башталгыч класстардагы математика китептеринин авторунун бири).

- Мейли, кайсы сабакты көргүнөр келет? - деди Мундузкан эже акырын сүйлөп.

- Мүмкүн болсо, математика сабагын көрсөтсөңүз болот эле.

- Азыр үчүнчү сабак – тарбиялык саат, мейли анын ордуна математика сабагын өтүп берейин.

Сабакта балдар коноктorго анча деле «алаксыган» жок. Ошондон улам эжекенин сабактарына коноктор тез-тез келип турат го деп калдым.

**Дежур сөз**

Тарбиялык сааттын ордуна «коноктор келгенине байланыштуу» математика сабагы өтүлө турганын эжеке эскерткенден кийин, сабак дежур сөз менен башталды. Бүгүнкү сабакта дежур сөз «Адегенде» экен, бул сөз жазылган барак досканын жогорку жагына жабыштырылды.

Мугалим да, ар бир бала да сабакта сөзүн «Адегенде» менен баштап жатышты: «Адегенде үй тапшырмасы тууралуу сөз кылабыз, андан кийин жаңы материалдарды өздөштүрүүгө өтөбүз». «Адегенде 5ти 3кө көбөйтөбүз да, андан кийин андан 7ни алабыз». «Адегенде биринчи сандарды кошуп алабыз да, андан кийинки санды кемитебиз». ж.б. Урматтуу окурман, өзүңүз байкап жаткандай, дежур сөздү колдонгон бала кебин жарым жолдо таштап сала албай, сүйлөмдү толук айтуу менен, кеби калыптанып жатты.

Жаңы теманы өтүп жаткан учурда, Мундузкан эже мисалды талдаткандан кийин үлгүнүн негизинде иштөөгө өтөрдө, бир окуучу:

- Эжеке, мен бул маселени толук түшүнбөй калгандай болуп турам, дагы бир ушундай маселени чыгарып көрөлүчү,- деди.

- Эжеке, мага да анча түшүнүксүз болгонсуп жатат,- деди экинчи окуучу.

- Макул, анда бул маселени чыгарып көрөлү (маселе иштелди).

- Эми баарыңарга түшүнүктүү болдубу?

- Ооба, эжеке, түшүнүктүү болду, эми кийинкиге өтө берсек болот.

Сабактын жүрүшүн мугалим эмес, окуучу балдар көзөмөлдөп турушту, мугалим алардын «жетеги» менен кетип жатты. Буга чейин бүткүл союздук деңгээлдеги жаңычыл (новатор) мугалимдердин тажрыйбасы тууралуу кайра-кайра окуп, аларды жалпылап, талдаган элем, ошол ойлор эжекенин сабагында толугу менен ишке ашып жатты. «Мундузкан эже бул китептерди кантип таап, окуду экен? Алардын айрымдары ошол кезде Бишкекте жок болуп, Санкт-Петербургдан (Ленинграддан) алып келип окубадым беле, эже кантип аларды таап алды» деп өзүмчө таң калып жаттым. Ошентип мыкты сабакка магдырап, чын дилден жыргап жатканда, кызык сабак аягына чыга электе, танаписке коңгуроо болуп кетти. Баарыбыз «селт» деп алдык. Ушундай мыкты мугалим убакытты көзөмөлдөй албай калдыбы? Келген коноктор баарыбыз мугалимди карап калдык. Мугалим да ыңгайсыздана түштү.

Ошол учурда бир бала:

- Эжеке, Сиз коноктор келди деп, тарбиялык сааттын ордуна математика өтүп албадыңызбы. Тарбиялык саат 35 эле мүнөт да, демек биздин дагы 10 мүнөтүбүз бар.

Эжеке да жылмайды. Баарыбыздын жүрөгүбүз ордуна келди. Аларды ушул бала ордуна келтирди.

Сабак андан ары уланды…

Кийин Мундузкан эже экөөбүз көп сүйлөштүк, ал кишинин тажрыйбасын көп жолу талкуулап, талдадык.

- Эже, мен араң таап окудум эле, Сиз кантип Ш.А.Амонашвилинин, С.Лысенкованын, Е.Ильиндин, И.Волковдун ж.б. китептерин, материалдарын таап окудуңуз, деги аларды кайдан алдыңыз?- деп сурадым.

- Мен алардын кээ бирлери тууралуу анчамынча уккамын, бирок китептерин көргөн да, окуган да эмесмин,- дейт.

- Анда кандайча ал китептерде жазылгандарды, жаңычыл мугалимдердин жетишкендиктерин сабактарыңызда толук колдонуп жатасыз?

- Сабактарымда колдонгондорум менин кадимки эле иш тажрыйбам.

- Сизде сабактан таптакыр жетишпеген балдар барбы?

- Жок, андай балдар менде жок…

Караңызчы, окурман. Кандайча ушундай болушу мүмкүн? Канткенде, эмне кылганда мындай зор ийгиликке жетишүүгө болот эле?

**Мен начар окугам… анан да балдарымдын ордуна өзүмдү коё билем**

«Мен начар окугам,- деди Мундузкан эже бир жолу анын ийгиликтерин талдап жаткан кезде. Мектепке жаңы барып жүргөндө Салижан акем (Жигитов) бир таякчаны алып жерге коюп, бир таякчаны ийип жанына коюп, сурайт:

- Эмне болду?

- «К» болду.

- Эшекти мингенде эмне дейбиз?

- «К» дейбиз.

Баарын жакшы түшүнөм. Бирок, мугалим мени ордумдан тургузганда эле, эшеги да жок, таякчасы менен «К-сы» да жок, башым бош болуп аңгырап, оозума бир да сөз кирбей калат.

Ошентип жүрүп мектепти араң эле аяктадым. Бишкектеги Кыз-келиндер институтуна Салижан акемдин жардамы менен өтүп алганым менен, көп жолу ыйлоого туура келди. «Сен кантип Салижандын бир тууган карындашы болот элең? Сени таап же багып алса керек, - деп мугалимдер шылдыңдашат.

Бир жолу 4-курста Айдарбекова деген эжеке сабак өтүп жаткан. Аппак кийинип алган экен, ары-бери басып лекция окуса, мага сүйлөгөнү угулбай эле, көлдө ак куу сүзүп жүргөндөй боло берди. Ошентип көгүлтүр көлдү, анда ары-бери сүзгөн ак кууну элестетип, кыялданып отурсам эле кулагым ачылып кеткендей болду. Эжекенин айткандарын уга баштадым. Угуп эле койбой, түшүнө да баштадым. Уксам мага түшүнүктүү эле нерселерди айтып жатат. Ошондон баштап бардык айтылгандарды угуп, түшүнө баштасам болобу. Институтту «Кудайга шүгүр» бир топ жакшы аяктадым.

Өзүм начар окугандыктан, балдарым да мендей болуп кыйналып калбаса дейм, ошондуктан балдарымды эч качан урушпайм. Жооп бере албай жатса, аны жооп бер деп кыйнабайм, керек болсо, ордунан деле тургузбайм. Баягы кичине-

кей бечара Мундузкандай болбосо дейм. Билгени башынан учуп кетпесе дейм. Өзүмдү кыйналып жаткан баланын ордуна коём. Анын ордунда туруп маселени чечүү жолун издейм. Менимче, ушул мага жардам берип жатса керек».

Ошентип, «Мен начар окугам, бул – менин артыкчылыгым же М.Жигитованын иш-тажрыйбасы жөнүндө» (Эл агартуу, № 3, 1995) аттуу макала жарык көрдү.

Мундузкан эже өз тажрыйбасынан дагы бир окуяны баяндап берди.

«Бир жолу Аскат аттуу бала 1-класста шаардан которулуп келип калды. Текстти шатыратып окуйт экен. Бирок бир да сөздү кайра айта албайт. Карга эмне экендигин да билбейт экен.

*Урматтуу окурман, окуучуңуз шатыратып окуп, бирок бир да сөздү кайра айтып бере албаса, эмне кылат элеңиз? Ооба, бул багыттагы жалпы сунуштарды көп эле табууга болот. Бирок, ошол шартта иштеп кете турган конкреттүү сунушту эч жерден таба албайбыз.*

Канча аракет кылам, окуган текстинин бир сөзүн да айтып бере албайт. Эмне кыларымды билбей, айлам кетти…

Бир күнү сабактан кийин: «Мени менен кошо кетчи» - деп, Аскатты алып калдым. Экөөбүз бир жакка кетчүбүз. «Мен журналды толтуруп алайын, сен бүгүн өткөн тестти кайталап окуп тур» - дедим да, журналды толтурган болуп, Аскатты көзүмдүн кыйыгы менен карап жаттым. Ал болсо мурдагыдай эле шатыратып окуп жатат, бирок эч нерсе түшүнбөгөнү көрүнүп эле турат.

Бир мезгилде:

- Аскат, сен окуганда, башыңдын бул жерлери кыбырайбы?- деп башымдын маңдай жагын көрсөттүм.

- Жок, эжеке,- деп Аскат чочуп кетти.

- Кантип кыбырабайт? Анда сен жакшылап көңүл бурбай окуйт турбайсыңбы? Башкалар окуганда, башынын ушул жери кыбырап, окуганы жазылып, эсинде сактала берет» - десем, Аскат ойлонуп калды.

- Анда шашпай, көңүл коюп, ар бир сөздү окугандан кийин тыным жасап, ойлонуп окуп көрчү. Маңдайың кыбырайт бекен?

Мен ар кайсы кагаздарымды жазып, акырын Аскатты байкап жаттым.

Ал улам токтоп окуп жатып, бир кезде:

- Эжеке, башым кыбырагансып жатат,- деди.

- Демек, сен эми көңүл коюп окуй баштапсың, дагы шашпай, көңүлүңдү топтоп оку, башың кыбыраса, окуганың жазылып жатат,- дедим.

Ал улантып окуп жатып:

- Эжеке, айтып берейинби?- деди.

*(Урматтуу окурман, Сиз кандай деп ойлойсуз, Аскаттын айтып берүүсүнө Мундузкан эжеке уруксат бердиби?)*

- Жок, азыр сен үйгө барып, курсагыңды тойгузуп, ээн бөлмөгө кир да, бир нече жолу кайталап оку. Анан өзүңө өзүң кайталап айтып бер, ал эми мага эртең айтып бересиң.

*(Эгерде айтканга дароо уруксат бергенде, жаңы дем менен эргип жаткан Аскат болгону бир-эки сөз гана айта алмак. Анан башым кыбырагандан кийинки айтканым ушулбу деп сынып калмак).*

Эртеси Аскат кыйналып жатып бир нече сөздү айтып берди. Мен болсо аны аябай мактап, шыктандырып койдум. Ошондон баштап Аскат окуганын аз-аздан айта баштады. Эки-үч күндөн кийин окуганын толук айтып калды»,- деди Мундузкан эжеке акырын жылмая.

Бул айтылгандар көпкө ойлонтту…

*Демек, мыкты мугалим болуу үчүн баланы сүйүп, анын ордуна өзүңдү коё билип, анын мүмкүнчүлүктөрүн, дараметин ача билишиң керек турбайбы.*

Кийинки мисал.

**Тамга тааный элек баланы сөз менен окутууга болобу?..**

Эмне үчүн анын методикасы менен окуган окуучулар абдан зор жетишкендиктерди багынтат, деги Алексей Кушнирдин тажрыйбасынын өзгөчөлүгү эмнеде?

Орусиялык чыгаан окумуштуу Алексей Кушнир балдарын «чу» дегенде эле тамга менен эмес, сөз боюнча окутат. Муну биринчи уккан адам «тамганы тааный элек бала кантип сөз менен окусун, анын акыл-эси жайындабы» деп таң калышы мүмкүн.

Ооба, ал дароо эле сөздөп окутат. Кичинекей балдар мобилдик телефондордун операторлорунун (Megacom, Bitel ж.б.), дүкөндөрдүн («Каныкей», «Народный» ж.б.), ширелердин, сагыздардын аталыштарын көргөндө, тамга тааныбаса деле дароо айтат эмеспи. Тамга тааный элек балдар китептеги кээ бир ырларды жаттап алган учурлары көп эле кездешет да. Ошол сыяктуу А.Кушнир балдарына чоң ватман, флипчарттарга жазылып коюлган сөздөрдү, сүйлөмдөрдү көрсөтүү менен өзү окуйт, башка бирөөлөргө окутат. Экрандан жылып жаткан сөздөрдү окуйт. Окулуп жаткан сөздөрдү көрсөтүп турат. Балдар аларды бүтүн сөз түрүндө эстеп калышат. Балдардын алдында тамгалардан турган касса бар, балдар ошол өтүлгөн сөздөрдү алдындагы кассадагы тамгалардын жардамы менен курушат, канча тыбыштан, тамгадан турары, алардын ирети талданат. Сөздөрдү дароо окуган бала тамгаларды жаттап, аларды бириктирип окуу учурундагы психологиялык азаптан, кыйноодон кутулат, аны дароо ийгилик коштойт, өзүнө болгон ишеними арта берет.

Кантип сулуу жаздырууга болот?

Мектеп босогосун жаңы аттаган баланын өтө эле кыйналган маселелеринин бири – таза жазуу, б.а. тамгалардын элементин сактап, сулуу жазуу. Бул маселе мугалимдердин да, ата-энелердин да башын оорутуп келет. Аргабыз кеткенде балдарыбыздын колун кармап алып жаздырабыз, кайра-кайра жаздырабыз. Деги, фантазиябыз жеткен бардык ыкмаларды жасап көрөбүз. Бирок, дайыма эле натыйжага жетише бербейбиз. Эмне үчүн?

А.Кушнирдин таза жазуу боюнча тажрыйбасы да абдан кызык. Ал балдардын башында тамгалардын элесин калыптандырууга өзгөчө көңүл бурат. Бул маселенин маанилүүлүгү жөнүндө А.Кушнир мындай бир мисалды келтирет. Ал бир топ жыл каратэ боюнча тренер болуп иштейт. Каратэнин ыкмаларын туура эмес үйрөнүп алган балдарды аны кайра туура аткарууга үйрөтүү өтө эле кыйынчылыкка турат, кээде таптакыр мүмкүн да болбойт. Айласы кеткенде А.Кушнир мындай ыкманы колдонот: Машыгууга жаңы келген окуучулар эч кандай ыкмаларды жасашпайт, алгач алардын башына ыкмаларды кандай аткаруунун элеси бекем сиңирилет. Ыкмаларды кандай аткарууну тренер өзү, башкалар көрсөтөт, сүрөттөр, видеолор аркылуу талкуулашат, б.а. ал ыкмалар балдардын башында автоматташат. Ошондон кийин гана балдардын ал ыкмаларды аткаруусуна уруксат берилет. Мындай болгондо, ыкмаларды туура эмес аткаргандардын саны кескин кыскарган жана туура эмес аткаргандарды туура аткарттыруу да кыйла жеңилге турган. А.Кушнир ушул ыкманы балдарды жазууга үйрөтүүдө пайдаланууну сунуш кылат жана ишинде натыйжалуу пайдаланат. Мындай кылганда, туура эмес жазган балдардын саны аз болгон жана аларды да туура жаздыруу мурдагыдай түйшүктүү эмес эле.

Жазуу дептери менен иштөөдө балдардын майда булчуңдарын өнүктүрүү, тамгалардын элесин, формасын балдардын эсинде, мээсинде чагылдыруу иштери аткарылуу менен катар эле, балдар көрүнө турган тунук кагаздын жардамы менен сулуу, таза жазылган тексттерди үстүнөн басып кайталашат. Мисалы, дептердин баш жагында эле балдарга тааныш, алар үчүн кызыктуу ырлар сулуу жазылып коюлган болот. Класста балдар ал текстти кайталашат, жатташат. Жаттап жаткан учурда мугалим сөздөрдү көрсөтүп турат, балдар ошол боюнча жатташат. Кийин тунук кагаз аркылуу бул ырды кайталап басып жазышат да, тунук кагазды айрып алышат (ал айрып алганга ылайыкталган). Үйүнө барганда, балдар ырды окуп, ырдап беришет, болгондо да колу менен сөздөрдү көрсөтүп турушат. Демек, ал баарын шар окуп жатат. Ата-энеси: «Муну ким жазды?- деп сураса, албетте «Мен»,- дейт эмеспи. Чынында да ал өзү жазбадыбы.

Бул жердеги психологиялык абалды элестетип көрүңүз, урматтуу окурман. Ата-эне баласына да, мугалимге да, мектепке да чексиз ыраазы. Бала ийгилигине маашырланып, мурду асманды карап турат. Мындай зор ийгилик кимди кубандырбасын, кимди жаңы ийгиликтерге шыктандырбасын!

**Негизгини аныктоо**

А.Кушнир ушундай ийгиликтин коштоосунда негизги эки маселени чечүү зарыл деп эсептейт.

Орустун улуу педагогу, ойчулу П.Ф.Каптерев: «Көптү билген эмес, негизгини билген адам акылдуу» деп белгилейт. Ар бир иште негизги маселе бар, ким ошону аныктай алса, калгандардын баары ошол негизгинин айланасына топтоло берет. Ар бир иштеги негизгини аныктай алган адам туура жолдо болот, аны сөзсүз түрдө ийгилик коштойт. Эң негизгиси ал кайсы ишти туура кылып жатканын, кайсыны туура эмес жасап жаткандыгын адашпай билет.

Балдардын таза жазуусун (каллиграфиясын) калыптандыруудагы негизги эки маселе – алардын жазууда колдонулуучу майда булчуңдарын өнүктүрүү жана тамганын элесин баланын башына бекем чагылдыруу.

Жаңы мектепке келген бала өзүнүн колун өзү каалагандай кылып толук башкара албайт. Сызайын деген жагына сыза албайт. Алар көп кыймылдап ойногону менен, ири булчуңдары өнүгүп, алардын жазууга керектүү майда булчуңдары өнүккөн эмес. Ошондуктан ушул майда булчуңдарды өнүктүрүү зарылдыгы келип чыгат.

Ага кантип жетишүүгө болот? Деги балдардын жазууда пайдалануучу майда булчуңдарын өстүрүүнү жана алардын башында тамгалардын элесин жаратууну кантип ишке ашырууга болот?

Бул багытта Москвадагы №109 мектептин мугалими Е.Н.Потапованын тажрыйбасы колдоого аларлык. Ал таза жазууну балдарга үйрөтүүнү 3 баскычта ишке ашырган.

1-баскыч. Майда булчуңдарды өстүрүү – штрихтөө.

Бул баскычта майда булчуңдарды өстүрүү менен, баланын кебин, ой жүгүртүүсүн да өстүрүүгө көп көңүл бурулат. Штрихтөө кайсы мезгилден башталууга тийиш? Балдар штрихтөөнү биринчи сабактан баштап тамгаларды толук жазып калганга чейин чийишет. Алгач штрихтей баштаганда, баланын колу бат-бат талып, штрихтери кыйшайып, ийри-муйру болуп, баланы бир топ түйшүккө салат, бирок ошого карабастан, бул жумуш кызыктуу, көнүп алгандан кийин бала өз каалоосу менен чие баштайт.

Штрихтөө үчүн ар бир окуучуга эмне керек?

1. Сүрөт тартуу үчүн эки альбом (бирөө класста, экинчиси үй тапшырма үчүн)
2. Боёмо альбом.
3. Жөнөкөй жана түстүү карандаштар.
4. Фломастер.
5. Трафареттер, геометриялык (жаныбарлардын сүрөттөрү менен) фигуралар.

Алгач балдар штрихтөөнү геометриялык фигуралар боюнча жүргүзгөнү жакшы, көнгөндөн кийин башка предметтердин, жаныбарлардын фигураларын пайдаланышат. Кийинирээк балдар штрихтерди түз эле жүргүзбөй, толкун сыяктуу, тегерек, жарым тегерек, илмек түрүндө тарта башташат. Штрихтер колдун жана манжалардын булчуңдарын гана чыңдабастан, бул процесс жүрүп жаткан кезде баланын кеби, ой жүгүртүүсү, чыгармачылыгы да өнүгөт. Анткени, алар жөн эле штрихтерди тарта бербестен, мында ар кандай сүрөттөрдүн, фигуралардын, каармандардын элеси колдонулуп жатпайбы.

2-баскыч. Туюп-билүү сезимин (б.а. дене менен туюу сезимин) өстүрүү, баланын аң сезиминде тамганын элесин калыптандыруу. Баланын колунун майда булчуңдарын өстүрүү менен, анын аң сезиминде жаза турган тамганын үлгүсү элестеп турушу керек.

Бул эки баскычтын тең максаты – баланы геометриялык фигураларды айырмалай алууга, фигураларды штрихтөөгө үйрөтүү, б.а. баланын аң сезиминде тамганын үлгүсүн калыптандыруу.

Туюп-билүү баскычында балдар тамгалардын чоң, кичине экенин, алардын элементтерин, кайсы жерден биригерин колдорунун манжалары, сезимдери менен туюшат.

Муну эки жол менен ишке ашырууга болот.

1. Ар бир окуучуга тамгалар үчүн 36 карточка даярдалат. Кум (наждак) кагазынан тамгалар кесилип, карточкаларга жабыштырылат. Бул карточкалар конвертке салынып коюлат.

2. Кум кагаздан кесилген тамгаларды альбомго жабыштырабыз. Альбомдун бир жагында (кум кагаздан кесилген) тамгалар, 2-жагында ар түрдүү фигураларга штриховка жүргүзүлгөн. Ошону менен бирге бул процессте баланын колу гана көнүкпөстөн, эң башкысы баланын аң сезими абстрактуулуктан конкреттүүлүккө өтө баштайт. Бул метод менен иштеген баланын кеби, ой жүгүртүүсү активдүү түрдө өнүгөт. Бала тамганы колу менен сыйпалап жаткан учурда, тамга баланын аң сезимине, мээсине жазыла берет.

3-баскыч. Тамгаларды оюлуп кесилген тамгалардын (вкладыштын) жардамы менен жана үстүнөн басып жазуу.

Демек, балдардын жазууда колдонулуучу майда булчуңдарын өнүктүрүү жана тамганын элесин анын башына бекем чагылдыруу таза, сулуу жазуу маселесин оң жагына чечип, бул иштин өзөгүн түзүп, андагы негизги маселе болуп саналат. Ал эми буга байланыштуу калган маселелердин баары ушул негизгинин айланасына топтолуп, андан көз каранды болмокчу. Ушул негизгини билбеген мугалим кандай гана көрсөтмө курал колдонбосун, кандай гана технологияны өздөштүрбөсүн, баланын кол жазмасын калыптандыруудагы анын ишинин натыйжасы толук үзүрлүү болбойт. Ал ар жакка чабылып, аракет кыла берет, бирок ишинин үзүрү, маңызы эмнеде экендигин да аныктай албайт. *Ошондуктан ар бир иште негизгини аныктоо, аны билүү компас сыяктуу иштин туура багытын көрсөтүп турмакчы.*

Кийинки кездеги Кызыктуу ынтымак тамгалар (КЫТ) комплектинин жаралышы да ушул тамганын элесин, тамгалардын окшоштуктарын, алардын ортосундагы айырмачылыктарды, бир тамгадан экинчисин жасоо ыкмаларын баланын башына сиңирүү тажрыйбасы болуп саналат.

Демек, мыкты мугалим болуу үчүн, жогоруда айтылгандарды эске алсак, ал эки негизги сапатка ээ болушу керек тура:

1. Ар бир иште негизгини аныктай алуу.
2. Баланы жан дили менен сүйүп, анын ордуна өзүн коюп, баланын дараметин, мүмкүнчүлүктөрүн ача билип, ага ар дайым жагымдуу маанай тартуулоо;

Бул макаланын жазылышына себеп болгон маараке ээси Бекбоев Исак Бекбоевич так ушул сапаттарга ээ деп айтсак болот. Ар бир иште негизгини так аныктаган үчүн айткан сөзү, жазган китеби, макаласы бутага таамай тийип, өз вазийпасын татыктуу аткарууда. Агайдын ар бир эмгегинен балага болгон урматтоону, окутуп-тарбиялоодо анын инсандык сапаттарын, өзгөчөлүктөрүн, жан дүйнөсүнүн абалын эске алууну сезүүгө болот.

Демек, Агай чыныгы мыкты мугалим!

**Адабияттар:**

1. Бекбоев И.Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери.–Бишкек, 2015.
2. Кушнир А. Педагогика грамотности. //Школьные технологии, № 4-5, 1996.
3. Потапова Е.Н. Радость познания. -М., 1990.
4. Волина В. Занимательное азбуковедение //Книга для учителя, -Москва, «Просвещение, 1991.
5. Токтомаметов А., Жигитова М., Субанова Б. «Кызыктуу ынтымак тамгалар (КЫТ)» комплекти. -Бишкек, 2014.
6. Токтомаметов А. «Кызыктуу ынтымак тамгалар» комплектинин баланы өнүктүрүүдөгү ролу». //Тил жана маданият, №18 (44), 14.05.2014
7. Токтомаметов А. Мен начар окугам, бул – менин артыкчылыгым же М.Жигитованын иштажрыйбасы жөнүндө. //Эл агартуу, № 3, 1995.